DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



*Байсеитова М.Р., Абышова А.Ж., Кожокулов С.С.*

# КЫРГЫЗСТАНДАГЫ ӨЗГӨЧӨ КОРГОЛУУЧУ АЙМАКТАРДЫН ТУРИЗМДЕГИ ОРДУ

*Байсеитова М Р., Абышова А.Ж., Кожокулов С.С.*

# РОЛЬ ОХРАНЯЕМЫХ ТЕРРИТОРИЙ В ТУРИЗМЕ КЫРГЫЗСТАНА

*M.R. Baiseitova, A.J. Abyshova, S.S. Kozhokulov*

# THE ROLE OF PROTECTED AREAS IN TOURISM IN KYRGYZSTAN

*УДК: 796.51:502.72(575.2)(0.4)*

*Макалада өзгөчө корголуучу аймактардын туризмдеги орду тууралуу маалымат камтылды. Адам баласы жаратылышта анын ичинде коруктар, корукчалар жана жаратылыш парктарында эс алууну тандап алганынын бирден бир себеби, жаратылыштын коездугуна көз чаптырганда, жүрөгүнө тынчтык жана бейпилдик келет. Жамгыр ысыктан кийин жерди каныктыргандай, жаратылыш адам жанын күчкө толтурат. Ошондуктан адамдар жаратылышта убакыт өткөргөндү аябай жакшы көрүшөт – бул аларга күч-кубат жана ден-соолук берет. Замандын талабы менен туризм тармагы да өнүгүүдө. Азыркы учурда туризмдин массалуулугунан жаратылыш жана маданий-тарыхый туристтик ресурстарга антропогендик оорчулук келип, анын залакасы тийүүдө. Бул жүк туристтик келүүлөрдүн өсүү темпине түздөн-түз пропорционалдуу көбөйүшүнө барабар. Ошол себептен бүгүнкү күндө жаңы ыкмаларды иштеп чыгуу, сактоо жана калыбына келтирүү, өзгөчө уюштуруу формаларын аныктоо жаратылышта экосистеманы сактоо эң маанилүү милдети болуп саналат.*

***Негизги сөздөр:*** *өзгөчө корголуучу аймак, экосистема, жаратылыш, туризм, экотуризм, ресурстар, коруктар.*

*В статье представлена информация о роли особо охраняемых природных территорий в туризме. Одна из причин, по которой люди предпочитают отдыхать на природе, в том числе в заповедниках, заповедниках и парках, заключается в том, что, глядя на красоту природы, они находят мир и спокойствие в своих сердцах. Природа наполняет человеческую душу энергией, как дождь насыщает землю после жары. Вот почему люди любят проводить время на природе - она дает им силы и здоровье. Индустрия туризма также развивается в соответствии с современными требованиями. В настоящее время из-за популярности туризма природные и культурно-исторические туристские ресурсы находятся под антропогенным давлением и разрушаются. Это эквивалентно увеличению числа прибытий туристов прямо пропорционально темпам роста. Поэтому сегодня важнейшей задачей является разработка, сохранение и восстановление новых методов, особенно выявления организационных форм, сохранения экосистем в природе.*

***Ключевые слова:*** *особо охраняемые территории, экосистемы, природа, туризм, экотуризм, ресурсы, заповедники.*

*The article provides information on the role of specially protected natural areas in tourism. One of the reasons why people prefer to relax in nature, including nature reserves, reserves and parks, is that, looking at the beauty of nature, they find peace and tranquility in their hearts. Nature fills the human soul with energy, like rain saturates the earth after heat. That is why people love to spend time in nature - it gives them strength and health. The tourism industry is also developing in accordance with modern requirements. Currently, due to the popularity of tourism, natural and cultural-historical tourist resources are under anthropogenic pressure and are being destroyed. This is equivalent to an increase in tourist arrivals in direct proportion to the growth rate. Therefore, today the most important task is the development, preservation and restoration of new methods, especially the detection of organizational forms, the preservation of ecosystems in nature.*

***Key words:*** *specially protected areas, ecosystems, nature, tourism, ecotourism, resources, reserves.*

Адам баласы жашоо турмушун өткөрүүдө, бир аймактар экинчи аймакка көчүп конууга аргасыз болгон. Себеби ал учурда жаратылышта өз күнүн көрүүгө муктаж элек. Азыркы күндө адамзат башынан өткөргөндөрдү унутуп шаарларда, көп калктуу пункттарда жашоо менен курчап турган айлана-чөйрөнү унутта калтыргандай. Бирок ага карабастан дүйнө таанууга кызыктар, анын ичинен саякатты сүйүүчүлөр тарыхый маданий коздуктар менен бирге эле өлкөлөрдүн жаратылышына кызыгуусу артып жатат десек болот. Бул деген экологиялык туризмдин өнүгүүсүнө бирден бир себеп. Экологиялык туризм азыркы күндө туризм бизнесинде тез темп менен өнүгүп келе жаткан сегменттердин бири десек болот. Бул деген аймактын социалдык-экономикалык абалын гана эмес, табигый ресурстардын өсүп өнүгүүсүнө да шарт түзөт.

Кыргызстандын ушул багытта өнүгүүсүнө бардык шарт жана мүмкүнчүлүгү бар экендигин эксперттер айтып келишет. Адам – биологиялык бир түр, ал жаратылыштан сыртка чыгып башка жерде жашай албайт. Шаар тургундары дайыма табият менен бирге, анын таза абасы менен дем алууга умтулушат, ушул көрүнүштүн актуалдуулугу бүгүнкү күнү күч алууда.

Кыргызстан жаратылышы бай өлкөлөрдүн катарын толуктайт экени баарына маалым. Табигый коздуктарды сактоодо эң алгач корголуучу аймактарды туура пайдалануу керек экендигин, эс алуучулар жана жергиликтүү калкка түшүндүрүү иштери жүргүзүлүүсү зарыл. Акырындык менен пландалбаган жаратылышта эс алуудан экологиялык туризмге өтүү айлана-чөйрөнү оптималдуу башкарууну камсыз кылган чараларды көрүү менен катар, дүйнөлүк экологиялык кризистен чыгууга багытталган бир катар маанилүү иш-чаралар каралуусу зарыл экени белгилүү.

Туризм айлана-чөйрөгө ар кандай жолдор менен таасир этери белгилүү. Туризм индустриясы өлкөнүн табигый, маданий жана тарыхый байлыктарын эксплуатациялайт, жерге ээлик кылат, таштандыларды чыгарат, абаны, сууну жана топуракты булгайт жана жаратылышка күчтүү антропогендик таасир берет.

Туризм жөнүндө Монреаль Декларациясында (1996): «Айлана-чөйрөнү коргоо коммерциялык ийгиликке же жеке байышка кызыкдар болгон уюмдардын жана адамдардын кысымына туруштук бериши керек» - деп так жазылган [1, 148-б.].

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



Ушуга байланыштуу, XXI кылымда экологиялык туризмди өнүктүрүү туруктуу туризмди өнүктүрүүнүн концепциясын ишке ашыруунун эң башкы артыкчылыктуу багыттарынын бири катары, актуалдуу болуп турат. Экотуризмдин таанып билүү маңызын белгилей кетпесек да болбойт. Туура уюштурулган экотуризм туристтер үчүн дагы, жергиликтүү калк үчүн дагы, экологиялык билим берүүнүн куралдарынын бири болуп калышы мүмкүн.

Суверендүү өлкөлөрдө өз эркиндигине ээ болгон учурдан тартып, өз мамлекетинде каралуучу мыйзамдар иштей баштаган. Кыргызстанда дагы «Өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактары жөнүндө» мыйзам кабыл алынган жана ал мыйзамда

**Өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактарын туристтик максаттарда пайдаланууда мамлекеттик мыйзамга таянсак (8-берене) төмөндө көрсөтүлгөндөй жобо камтылат.**

1. Өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактары экологиялык туризмди өнүктүрүү, жергиликтүү калкты туристтик инфраструктураны түзүүгө жана алардын туруктуу иштешин камсыз кылууга тартуу, жаратылыш жана тарыхый-маданий кооз жерлер менен тааныштыруу максатында пайдаланылышы мүмкүн.

2. Өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактарында белгиленген зонанын режимине жараша атайын бөлүнгөн участоктордо КР Өкмөтү тарабынан аныкталуучу тартипте экскурсиялык экологиялык маршруттарды, туристтик жолдорду, аялдамаларды уюштурууга жана ачууга, туризм объекттерин, музейлерди жана ачык асман алдындагы экспозицияларды жайгаштырууга жол берилет [4, 8-б.].

Экотуризмге жогору коюлуп жаткан суроо талап бул шаардын жашоо образын чагылдырган табияттан бөлүп турган урбанизациянын өсүшүнө алып келет, бул сөзсүз түрдө адамдын физиологиялык жана психологиялык муктаждыктары менен адамдын айлана-чөйрөдө көйгөй жаратышына алып келээри талашсыз. Азыр, дүйнө калкынын көпчүлүгү ири шаарларда жашап, жыл бою, жаратылыш менен байланышуу мүмкүнчүлүгү аз, болсо да эмгек өргүү учурунда (ал дагы бир ай чамасында) гана болушу мүмкүн. Ошол себептен өзгөчө корголуучу аймактарды экотуризм багытында пайдалануу каралууда. Аны менен корголуучу аймактардагы туристтердин эс алуусуна, окумуштуулардын изилдөө жүргүзүүсүнө жана жаратылыш сүйүүчүлөр үчүн экологиялык төмөнкү шарттарды түзүү керек:

- бир таман жолдорду оңдоп-түзөө;
- багыттоочу тактайчаларды орнотуу;
- корголуучу аймактардагы таштанды салуучу жайларды уюштуруусу;
- ар бир келген жаранга түшүнүктүү болуу үчүн жок дегенде 3 тилде корголуучу аймактарда өзүн алып жүрүү эрежелерин жазуу;
- аймактын толук картасын илүүсү абзел деген ой бар.

Муну менен катар эле аймактарда селди жана башка жаратылыш кырсыктарын алдын алуу үчүн кызматкерлерди окутуу жүргүзүү керек.

Кыргызстандын аймагында азыркы күндө бул маселе боюнча иштер жүрүп жатат дешет адистер. Акыркы жылдарда мамлекеттик органдар дагы бул сунушту колдоо менен биргеликте, атайы курстар уюштурулду. Мунун натыйжасында *өлкөнүн коруктарынын жана жаратылыш парктарынын 180ге жакын кызматкерлерине жаңы адистештирилген курс аркылуу билимин кеңейтүүгө мүмкүнчүлүк берилди. Натыйжада, Батыш Тянь-Шандын 7 өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактарынын – Кан-Ачуу, Алатай, Саймалуу-Таш, Падыш-Ата, Беш-Арал, Сары-Челек жана Дашмандын өкүлдөрү экологиялык маселелер боюнча ар тараптуу окуулардан өтүштү* [2, 1-б.]. Мындан сырткары жаратылыш парктарынын жана коруктарынын башчылары, аң сакчылары, изилдөөчүлөрү жана коомдук инспекторлору мониторинг жүргүзүү методикасы менен таанышышты.

**Жыйынтык:** Жогоруда көрсөтүлгөн маселелерди карап отуруп, азыркы күндө өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактарынын экологиялык туризмде суроо талапка ээ болуп, жатканын көрсөк болот. Бирок, суроо-талапка ээ болгону менен азыркы күндө аксап жатканы анык, себеби ар бир маселеде оң жак менен кемчилик бирге жүрөт деген сыяктуу эле, жеткиликтүү көңүл буруулар аз. Ошого карабастан, бул тармакта эмгектенген адистер өз аракеттерин жасап жаткандыгын дагы айта кетпесе болбойт. Келечекте экологиялык туризм багыты, дагы жогорку деңгээлге көтөрүлүп, туристтердин суроо талаптарына ээ болот. Кыргызстандын аймагындагы өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактарын да мааниси чоң жана келечекте дүйнө эли таанышт деген ой бар.

**Адабияттар:**

1. Зосимова Э.Е. Особенности развития экологического туризма на урбанизированных территориях: на примере пригородной зоны г. Орла. - М., 2007.
2. Өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактары жөнүндө КР Мыйзамы (КР Жогорку Кеңешинин Ведомосттору, 1994, №7, 234-ст.);1994-ж. №1561-XII.
3. Өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактары жөнүндө КР Мыйзамын колдонууга киргизүүнүн тартиби тууралуу КР Жогорку Кеңешинин токтому (КР Жогорку Кеңешинин Ведомосттору, 1994-ж., №7, 235-ст.). 1994-ж. № 1562-XII.
4. Өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактары жөнүндө КР Мыйзамы 2011-ж. №18.
5. https://fauna.kg/kg/2020/12/14/
6. Байсеитова М.Р., Козукеева Г.Т., Касымов М.К. Безопасность путешествий в горных районах. / Известия ВУЗов Кыргызстана. 2018. №. 8. С. 90-92.